*Литература*

*1. Новые Педагогические и информационные технологии в системе образования / Под ред. Е.С. Полат. 2008.*

*2. Ахренов В.Н, Ахренова Н.А., Белоус Е.Ю. Дистанционное обучение-2020 и проблемы киберсоциализации участников образовательного процесса // Вестник МГОУ. Серия: Педагогика. 2020. № 3.*

*3. Добрыдина Т.И., Масленникова О.Г., Надеждина Е.Ю. Перспективы использования виртуальной образовательной платформы Moodle в обучении иностранным языкам // Вестник КемГУ. 2014. № 3 (59).*

*4. Краснова Г. А., Нухулы А., Тесленко В. А. Электронное образование в мире и России: состояние, тенденции и перспективы // Вестник Российского университета дружбы народов. Серия «Информация образования». 2017. Т. 14. No 3.*

*5. Рыбина Е.В. Личностно-ориентированное обучение // Вестник БГУ. №1 (55) 2021.*

*6. Исследование МГППУ: трудности, с которыми сталкивались студенты и преподаватели во время обучения в дистанционном формате: [Электронный ресурс]: Сайт Московского государственного психолого-педагогического университета: URL: https://mgppu.ru/news/8022 (дата обращения:31.03.2022)*

*7. Скворцов А.А. Педагогические условия дистанционного обучения студента в наукоемкой образовательной среде: дис. канд. пед. наук. - Тамбов, 2015.*

***УДК: 801. 6 (575.2) (04 )***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.6***

***Жумаева Г. З.,***
*И. Арабаев атындагы КМУ,*
*Мамлекеттик тил жана маданият институту*

## «КОРКУТ АТА КИТЕБИНИН» ФИЛОСОФИЯЛЫК ЖАНА ДИДАКТИКАЛЫК МААНИЛЕРИ

***Кыскача мазмуну***

*Бул чакан макалада байыркы орток түрк дүйнөтаанымынан кабар берген “Коркут ата китеби” мисалга тартылат. Башка түрк элдериндей эле кыргыз эли да Коркут ата тууралуу легендага айланган өмүр-таржымалы менен тааныш экендиги каралат. Оозеки чыгармачылыкта гана эмес, жазма адабиятта да кездеше тургандыгы мисалдар менен келтирилди. Негизинен “Коркут ата китебиндеги” дидактикалык, философиялык, мифологиялык, диний көз караштагы дүйнөтаанымдык маселелерге басым коюлду. Тактап айтканда, “Коркут ата китебиндеги” дүйнөтаанымдык маселелер кыргыз фольклорунда жана жазма адабиятында кандай үндөштүктө чагылдырылгандыгы адабий талдоого алынды. “Коркут ата китебине” байланыштуу түрколог окумуштуулардын илимий пикирлери, көз караштары макаланын максатына ылайык мисалга тартылып, орток түрк адабий, маданий мурас экендиги ырасталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *акын, ыр, дастан, дүйнөтааным, философия, фольклор, мифология, дидактика, өлүм, өмүр.*

## ФИЛОСОФСКО-ДИДАКТИЧЕСКИЕ СМЫСЛЫ КНИГИ «КОРКУТ АТА»

***Аннотация***

*Данная статья повествует о древнем общетюркском мировоззрении, обращаясь как к примеру «Книге Коркут Ата». Как и другим тюркским народам, кыргызам известна легендарная биография Коркут Аты. Примеры приводятся не только в устных произведениях, но и в письменной литературе. Основное внимание в книге «Коркут Ата» уделяется дидактическим, философским, мифологическим и религиозным вопросам.*

*В частности, был проведен литературоведческий анализ гармонии мировоззренческих вопросов в кыргызском фольклоре и письменной литературе в «Книге Коркут Ата». Научные мнения и взгляды тюркологов на книгу «Коркут Ата» были использованы в качестве примера в соответствии с целью статьи и подтверждено, что она является общетюркским литературным и культурным наследием.*

***Ключевые слова:*** *поэт, песня, эпос, мировоззрение, философия, фольклор, мифология, дидактика, смерть, жизнь.*

## PHILOSOPHICAL AND DIDACTIC MEANINGS OF THE BOOK «KORKUT ATA»

***Abstract***

*This article tells about the ancient general Turkic worldview, referring to the “Book of Korkut Ata” as an example. Like*

*other Turkic peoples, the Kyrgyz know the legendary biography of Korkut Ata. Examples are given not only in oral works, but also in written literature. The focus of the book «Korkut Ata» is on didactic, philosophical, mythological and religious issues.*

*In particular, a literary analysis of the harmony of worldview issues in Kyrgyz folklore and written literature was carried out in the «Book of Korkut Ata». Scientific opinions and views of Turkologists on the book «Korkut Ata» were used as an example in accordance with the purpose of the article and it was confirmed that it is a pan-Turkic literary and cultural heritage.*

***Key words:*** *poet, song, epic, worldview, philosophy, folklore, mythology, didactics, death, life.*

Коркут ата түрк дүйнөсүндө легендарлуу олуя-бакшы, акын, күүчү катары белгилүү. Ошондой эле Коркут ата тууралуу маалыматтар менен кыргыз эл да эбактан тааныш экендигин казак элинин этнограф окумуштуусу, кыргыз фольклорун жыйноочуларынын агачкы сап башында турган Чокон Валихановдун: "...Самобегство от смерти, не допускаемое исламом, составляет один из постоянных легенд шаманских народов. У киргизских шаманов есть легенда о Хоркуте, первом шамане, который научил их играть кобызе и петь сарын" [4.144.],-деп ырыстап өтөт. Мындан Коркут ата тууралуу аңыз-аңгемелердин тарыхый тамыры тереңге кетип, түрк дүйнөсүндө ислам дининин тамыр алышына чейин эле жашап келгендигинен кабар алсак болот. Бирок кыргыз дүйнөтаанымында дүйнө кыдырып кеткен Коркут атанын көркөм образы тууралуу кыргыз фольклорунда же эл акындар чыгармачылыгында жокко эсе, айрым гана акындардын чыгармачылыгында учкай камтылып өтпөсө. Мисалы, кыргыз элинини чыгаан акыны Арстанбек Буйлаш уулунун санат ырларында:

"Бул дүйнө шум жалган,
Алладан буйрук келгенде,
Андан качып ким калган?
Коркут ата даанышман,
Кутулам деп өлүмдөн,
Төрт тарапты кыдыргын,
Сырдын боюн сыдырган.
Андан айла болбогон,
Акыры ажал сомдогон" [1.15],-

деп, өмүргө тойбой кеткен Коркут атаны эске салат. Ал эми кыргыз эл жазуучу-акыны Аалы Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романындагы "Куу баш" бөлүмүндөгү Жунуш карыянын адам өмүрүнө карата философиялык ой жүгүртүп, бул жашоонун убактылуу экендигине токтолуп, алдуу-алсыз да, бай-кедей да, падыша-кул да өлүм алдында бирдей экендигине кайрылып, акыры ар бир адам колундагы "куу башка" айланарын сыпаттап:

"Акылман, ары баатыр, ары чечен,
Бул куу баш Алмамбеттин башы бекен?
Болбосо комуз кармап тентип кеткен,
Коркуттун ошондогу башы бекен?" [8.23.],-

деп, Коркут атанын элдик легендага айланган узак сапарынан кабар берет. Демек, "Коркут ата китебинде" камтылган өлүм жана өмүр темасы кыргыз дүйнөтаамындагы туруктуу сакталган мотивдердин бири десек болот. Өзгөчө кыргыз фольклорундагы басымдуу эпизоддордун бири экендигин "Коркут ата китебиндеги" бир аңгемесинин ("Доко Кожо уулу Эр Домрул тууралуу баян") мисалында адабий талдоого алдык.

Өмүрдүн кыскалыгы аз келгенсип, күттүрбөй келген өлүм коркунучу адамдардын аң-сезиминде жашап, кайсыл күнү жана канча жашында ажал периштеси – Азрейил менен жолугаарың белгисиз болуп, түпөйүл ойго салат. Дал ушундай жагдайга байланыштуу "ажалдан качуу", "ажалды адаштыруу" "ажал менен келишим түзүү" сыяктуу мотивдер дүйнөлүк адабиятта туруктуу кезиккен түбөлүктүү темалардын бири. Бул тема "Коркут ата китебинде" да кездешип, "Доко Кожо уулу Эр Домрул тууралуу баянында" көркөм чагылдырылат. Чыгармада огуз элиндеги эл башкаруучу баатырларынын бири – Эр Домрул сай үстүнө көпүрө салдырып, ары-бери өткөндөрдөн акча алып, текеберлиги күчөп турган учур болот. Эрдигим, күчүм, даңазам Румга, Шамга чейин жетип турганда, ким мени менен күч сынаша алат деген ойдо болот. Күндөрдүн биринде тигил өйүздөгү өлгөн жигиттин жанын кайрыш үчүн ажал периштеси – Азрейилди кармашка чакырып: "... адамдарга өмүр да, өлүм да берген менмин го",-деп ачууланат. Анын бул сөзү Кудайга жакпай, Эр Домрулдун жанын алып келүү үчүн Азрейилге кайрылып: "... Алдагы акмак Эр Домрулдун көзүнө көрүнгүн, өңүн саргайтып, үнүн кырылдатып, жанын алгын",-деп буйрук берет. Бул учурда Эр Домрул эч капарсыз тойлоп отурганда, жан алгыч Азрейил пада болот. Буга таң калган Эр Домрул:

"Не айбаттуу кожосуң?
Эшикчи сени көрбөдү,
Жасоолдор сени туйбады.
Көздөрүм көрбөс болду,
Колдорум тутпас болду.
Эй! Сакалдары агыш чал!
Көздөрү чуңкур чал!
Не айбаттуу кожосуң?",-

деп, Азрейилди кармашка чакырат. Азрейил төмөндөгүдөй жооп кайтарат:

"Эй, Домрул акмак!
Көзүм чуңкур экендигин неге билбейсиң?
Көзү сулуу кыз-келиндердин жанын алам!
Сакалдарымдын агарганын неге билбейсиң?
Ак-кара дебей, жигиттердин жанын алам![5.71.]"

Азрейилдин дал ушул сөзүндө ички психологиялык абалы чечмеленип, ал дагы адамдардын өмүрүн аяй тургандыгын, сулууну сулуу эле дебей, жашты жаш эле дебей, жакшыны жакшы эле дебей, жандарын алгандыгы үчүн көзү чуңкур (сокур), санаадан өңү сары сур болуп, сакалынын агаргандыгын подтексте айтып жаткандай. Кудай алдында ал да алсыз, буйрук аткаруучу гана экендигин моюндайт.

Жогорудагыдай адам менен ажалдын маеги чагылдырылган мифологиялык мотив дүйнөлүк адабияттын мазмунунан да жолуктурабыз. Мисалы, орто кылымдагы европа адабиятында социалдык тенденцияларга карата юмордук штрихтер менен берген, белгисиз поляк авторунун "Магистрдин ажал менен сүйлөшүүсүн" белгилөөгө болот. Чыгармада илимдин бийиктигине жеткен акылман, окумуштуу – магистр: "... Дүйнөдөн барын көрдүм, барын билдим. Бир гана ажалды көргөн жокмун",- деп өкүнүп, Кудайдан көз ирмемге ажал менен жолуктуруусун өтө суранат. Кудай тилегин берген эпизод:

“Встать сколен он не успел,
Как увидел перед собою.
Существо невесть какое:
Чуть прикрыто пеленой,
С длинной, острою косой.
Тоще, бледно, жёлтолице,
Кров из глаз росой струится ,
Сгнил его почти весь нос.
И без кожи, без волос
Череп в сумарке блестить”[2.351.],-

деп чагылдырылып, автор ажалдын коркунучтуу образын тартып, керек учурда ажал периштеси –Азрейил адамдар маектешүүгө, адилеттүүлүктү талашууга жөндөмдүү экендигин көрсөтөт. Ушундай эле грек мифологиясында да өлүмдүн кудайы –Танаттын колунда кылычы бар, кара жабуу жамынган, далысында чоң кара канаты бар, түнөргөн көзү бар» [6.323.],- деп берилсе, мындай ажалды сүрөттөө маселеси кыргыз адабиятында салтуу сакталгандыгы бар. Мисалы, А.Осмоновдун «Отуз жаш» ырында өлүмдүн бул жашоодогу «жалгыз чындык» экендигин чагылдырган:

«Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур,
Көзүң сокур, өңүң кансыз, сары сур.
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.
Он беш жолу кайра туулуп жаңыдан,
Он беш жолу жашарбасам карап тур!» [7.48.]-

деп, ажал менен эрегише айтышып, өлбөс өмүрүн ыр саптарына сыйдырып кете тургандыгына басым коёт. Дегеле, ажал периштеси – Азрейил Чыгыш, Батыш, Орто Азия элдеринин адабий чыгармаларында жалпысынан бирде чагылдырылып, көзү сокур, өңү сары сур, кара жабу жамынган, колунда кылыч же чалгы сымал куралы бар деп сыпатталат. Мындай сырткы окшоштуктардын болгону менен «Коркут ата китебиндеги» Эр Домрулдун Азреилден: «…жанымды алба»,- деп жалбарган сөзүнө нааразы болуп, ал да адамдар сыяктуу Кудай алдында алсыздыгын белгилеп, Жалгыз Кудайдан гана сурануу керектигин эскертет. Акырында Эр Домрул Кудайдын кудуретине баш ийип, кечирим сурайт. Бирок «жан» ордуна «жан» табуу маселеси жаралып, Эр Домрулдун айласы кетет. Картайган ата-энеси жандарын берүүгө моюн сунбай, акырында аялы макул болот. Аялынын мындай эрдиги үчүн, күйөөсүнө карата сый-урматына зор ыраазы болгон Эр Домрул Кудайды даңазалап:

«Улуктардын улугусуң!
Сен бийиксиң, кудуреттүүсүң!
Ач көрсөм, тойгузайын сен үчүн!
Жылаңач көрсөм, кийгизейин сен үчүн!
Алсаң экөөбүздүн жаныбызды бир алгын!
Койсоң экөөбүздүн жаныбызды бир койгун!
Марттыгы улук Теңир!» [5.77.]-

деп, Алланын кең пейилдигине ишенет. Эр Домрулдун бул сөзү Кудайга жагып, картайган ата-энесинин жанын алып, аялы экөөнү аман калтырып жүз кырк жыл өмүр берген болот. Мындай мифологиялык сюжет дүйнө элдеринин фольклорунда да кездешет. Мисалы, Еврепиддин «Алкестида» трагедиясында да кайталангандыгын көрөбүз. Чыгарманын негизги каарманы Адмет Эр Домрул сыяктуу өзүнүн ордуна жан тапса, өлүмдөн аман кала турган болот. Адметтин картайган ата-энеси да жандарын бербей, сүйүктүү аялы Алкестида жанын берүүгө макул болот. Ал үй-бүлөнүн, бакыт очогунун кудайына карылып: «…О, великая богиня! Последний раз преклоняя здесь перед тобой колени. Я молю тебе защити моих детей-сирот, вед я должна сегодня сойти в царство мрачного Аида. О, не дай ты умерет, как умираю я, без временно» [3.48.],-деп акыркы суранычын билдирет. Алкестиданын күйүтүн тарткан Адметтин арманы Гераклга жетет. Геракл өлүм падышасы – Танатты кармашка чакырып, Алкестиданы куткарып алат. Окуянын аягында Адмет да Эр Домрул сыяктуу аялы, бала-бакырасы менен бактылуу өмүр сүрүшөт. Эки чыгармада тең кездешкен мындай окшош көчмө сюжеттердин жаралышында өз учурунда түрк элдери менен гректер, византийликтердин тыгыз маданий байланышта болгондугун да ырастайт.

Адам баласы бул жашоого жаралгандан баштап, өмүр-өлүм темасы боюнча акыл-ой калчашып, мифологиялык түшүнүктөрдү, образдарды жаратышып, канткенде адам баласы өлбөс болот? -деген суроого жооп издеп келишет. Кыялый өлбөстүктүн суусу - мүрөк суусун айтышып, көркөм чыгармаларда салттуу мотивдерге айлантышкан. «Коркут ата китебинин» негизги өзгөчөлүгүнүн бири – эл оозеки чыгармаларынын бай материалдары менен тереңден тамырлашкандыгында. Аталган баяндагы мифологиялык каармандардын тигил же бул элдин фольклорунда жана адабиятында улам жаңы варианттарда чагылдырылып, кылымдан кылымга көчүп, муундан муунга өтүп, жашап келиши мыйзам-ченемдүү жагдай. «Коркут ата китебинде» берилген өмүр-өлүм темасы түрдүү элдердин фольклорунда кездешкендей эле кыргыз фольклорунда салттуу кездешет. Мисалы, «мүрөк суусу» тууралуу «Манас» эпосунда, «жан» тууралуу «Эр Төштүк» эпосунда көркөм чагылдырылат. Бул чакан макаланын жыйынтыгында «Коркут ата китебиндеги» «Доко Кожо уулу Эр Домрул баянында» «Адамдардын оозунда болсо, Кудайдын кулагында болот» деген макалдын мааниси чечемеленип, Алла Таала канчалык каардуу болсо, ошончолук боорукер, кечиримдүү экендигин жана адамдардын сөзүн уга турган кең пейил улук экендиги тастыкталат. Ошондой эле адамдар Алла Таладан кечирим сурай билүүнү, жакшы тилектерди тилей билүүнүн үлгүсүн көрсөтүп, адамдардын дүйнөтаанымын философиялык, дидактикалык ой-туюмдар менен байытып тургандыгы менен баалуу.

***Адабияттар***


*1. Арстанбек. –Б., 1994.*

*2. Зарубежная литературы средних веков. –М., 1975.*

*3. Короглы Х.К. Огузский героический эпос. –М., 1976.*

*4. Короглы Х.К. Взаимосвязи эпоса народов Средней Азии, Ирана и Азербайджана. –М., 1983.*

*5. Коркут ата китеби. –Б., 2004.*

*6. Кун Н.А. Легенды и мифы древней Греции. –Ф., 1984.*

*7. Осмонов А. Көл толкуну. – Ф., 1972.*

*8. Токомбаев А. Кандуу жылдар. –Б., 1993.*

*9. Жумаева Г. З. Кул Кожо Ахмед Яссавинин ырларындагы дидактикалык ой-толгоолор / Жумаева Г. З. / БМУ Жарчысы №1 (59) 2022, 48 б.*